Каралды
Кесиптик бирликтин
төрайымы: ________ Эшимбекова А.К.
№ 1
"30" 08 2022-ж

Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
________ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**

**окуучуларынын ден соолугуна жана өнүгүшүнө зыян келтирүүчү маалыматтардан**

**коргоо боюнча ЖОБО**

**Жобонун максаты:** Интернеттеги мектеп окуучуларына таасир берүүчү зыяндуу маалыматтык коопсуздукту үйрөтүү, интернетти билим берүүдө туура колдонууга багыттоо жана аларга санариптик сабаттуулукту сиңрүү. Мектеп окуучуларынын интернет психологиясы жаатында мугалимдердин компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу боюнча иш-чараны уюштуруу.

1. Интернетти колдонуучу окуучулардын коопсуздугун коргоо жаатында билимди калыптандыруу боюнча иш алып баруу; Ата-энелер жана коомчулук менен тарбия иштерин өткөрүү;
2. Билим берүүдөгү интернет булагын колдонуу процессин психологиялык-педагогикалык жактан көзөмөлдөө;
3. Компьютердик техниканы колдонууда компьютерди колдонуу тартибине жооптуу кызматкерди дайындоо;
4. Атайын компьютердик жабдууларга өзүнчө класстык бөлмө бөлүп берүү;
5. Окуучулардын интернет булактарын колдонуусун көзөмолдөө максатында класс жетекчилердин, социалдык педагогдун кызматтык милдеттерине кошумча милдеттендирүү;
6. Окуучуларды билим берүү жана тарбиялоо милдеттерине туура келбеген маалыматтарды камтыган интернет ресурстарына кирүүсүн жокко чыгаруу боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн методикалык жана маалымдамалк материалдар менен тааныштыруу;
7. Компьютердик класстарда иштеген мугалимдердин эмгекти коргоо боюнча нускамаларын иштеп чыгуу;
8. Веб-сайт тууралуу нускама кабыл алуу;
9. Интернет түйүнүнүн окуучуларга карата коопсуздугун коргоо негизинде окуучулар жана ата-энелер менен тематикалык жолугушууларды тынымсыз уюштуруу;
10. Интернет түйүнү аркылуу жасала турган зомбулук жана кордоолорду алдын алуу боюнча класстык-тематикалык сааттарды өткөрүү;
11. "Коопсуз интернет" темасында педагогикалык кеңешме өткөрүү;
12. Күнүмдүк жумуш учурунда окуучуларга интернет аркылуу алынган икызыктуу жана кызыксыз маалыматтарды чогултуу; Ата-энелер, окуучулардан сурамжылоо
13. Мугалимдер коллективи интернеттен алынган алгылыктуу тарбиялык, билим берүү тармагындагы чыгармачыл методдорду колдонуусуна шарт түзүү;

14. Интернет булактарынын билим алууга тийгизген таасирлери тууралуу мониторинг жүргүзүү (класс жетекчилер, соц.педагог, психолог);
15. “Интернеттин таасири” темасында окуучулар менен тегерек стол уюштуруу4
16. Мектептин китепканасы атайын интернет коопсуздугу боюнча китеп, журнал, газеталар менен толукталуусу зарыл;
17. Психологдун жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын “Интернет көз карандысы”, “Интернет оюндарынын таасири” темасында лекцияларды окуп, тренингдерди өткөрүп туруусун камсыздоо;
18. “Компьютерлик техника жана ден соолук” темасында медиктердин даярдаган лекциясын уюштуруу, өткөрүүгө шарт түзүү;